КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257 257, K. Tynystanov St., Bishkek 720040 720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20 E-mail: minedukg@gmail.com http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 802/1 20 21 жылдын «24» майы

**2021-2022-окуу жылына Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы № 470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуу тартибинин негизинде Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына (коож) кабыл алуу кампаниясын уюштуруу, ошондой эле коронавирус инфекциясынын жайылышына жол бербөө жана абитуриенттердин, коождордун кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрүнүн саламаттагын сактоо максатында, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларынын жетекчилери менчик түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан:
- Автоматташтырылган маалыматтык системаны колдонуу менен коождорго абитуриенттердин документтерин электрондук түрдө кабыл алууну уюштурушсун;
- адистиктер боюнча (медициналык адистиктерден тышкары) конкурс конкреттүү адистик боюнча окуу үчүн профилдик предметтин баасын эске алуу менен орто жалпы билими жөнүндөгү аттестаттын же негизги жалпы билими жөнүндөгү күбөлүктүн орточо баасынын негизинде өткөрүшсүн;
- аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде кошумча кирүү сынактарын тиешелүү адистик боюнча окуу үчүн зарыл болгон профилдик предметтер боюнча бааны эске алуу менен аттестаттын же күбөлүктүн орточа баасы бирдей болгон абитуриенттер бир орунга талапкер болгон учурда гана өткөрүшсүн.

2. Медициналык адистиктер боюнча конкурс коож тарабынан өз алдынча өткөрүлүүчү кирүү сынактарын тапшырууда абитуриент ээ болгон баллдардын суммасы жана профилдик предметтер (биология, химия) боюнча бааларды эске алуу менен орто жалпы билими жөнүндөгү аттестаттын орточо баасы боюнча өткөрүлөт деп белгиленсин.

3. Медициналык, маданият жана искусство, дене тарбия жана спорт жаатындагы адистиктерди ишке ашыруучу кесиптик орто окуу жайлардын жетекчилери, менчик түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан:

- керектүү санитардык-гигеналык ченемдерди милдеттүү түрдө сактоо менен кирүү сынактарын өткөрүүнү салттуу режимде уюштурушсун;

- абитуриенттердин массалык топтолушуна жол бербөө боюнча чараларды көрүшсүн, кирүү сынактарынан өтүү үчүн абитуриенттердин этап-этабы менен келүүсүнүн графигин иштеп чыгышсын;

- кирүү сынактарын өткөрүү жерлеринде медициналык пункттардын үзгүлтүксүз иштөөсүн жана тиешелүү санитардык-гигеналык шарттарды (жарыктандыруу, бөлмөлөрдү желдетүү ж.б.), өрткө каршы коопсуздукту жана запастык чыгуучу жерлердин иштөөсүн камсыздашсын;

- кирүү сынактарын өткөргөнгө чейин жана өткөргөндөн кийин дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен жайларды тазалоону жана абаны жугушсуздандырууну камсыздашсын;

- кирүү сынактары 2 нөөмөт менен өткөрүлгөн учурда жабдууларды жана отуруучу орундарды дезинфекциялоо, жайларды нымдуу тазалоо иштерин жүргүзүшсүн;

- жалпы имаратты жана жабдууларды сынак өткөрүлгөнгө чейин бир күн мурда дезинфекциялоо иштерин жүргүзүшсүн;

- абитуриенттердин бут кийимин жана колдорун дезинфекциялоону (атайын килемченин жана антисептик дозаторлорунун болушун) камсыздашсын;

- абитуриенттер үчүн жеке отуруучу орундар жайгаштырылган учурда 1,5 метр аралыкты сактоону камсыздашсын;

- кире бериште жана окуу жайдын ичинде абитуриенттердин ортосундагы 1,5 метр аралыктын сакталышын көзөмөлдөшсүн, аралыкты сактоо үчүн белгилердин салынышын камсыздашсын;

- тепловизорду колдонуу менен абитуриенттердин жана экзаменаторлордун дене табын текшерүүнү уюштурушсун;

- абитуриенттин дене табы жогору болгондугу аныкталган учурда зарылчылыкка жараша ыкчам чараларды (медициналык кызматкерге же медициналык кызматка билдирүү, жакын туугандарына билдирүү же абитуриентти үйүнө жиберүү) көрүшсүн;

- абитуриенттерде, экзаментарлордо жана кирүү сынактарын өткөрүү процессине тартылган башка кызматкерлерде коргоочу беткаптардын жана колкаптардын болушуна жана өз убагында алмаштырылышына көзөмөл жүргүзүшсүн.

4. Бул буйруктун толук негизде аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик орто кесиптик окуу жайлардын жетекчилерине жүктөлсүн.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө министрдин орун басары Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

**Об организации приема абитуриентов в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год**

На основании Порядка приема в образовательные организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 июля 2012 года № 470, в целях организации приемной кампании в средние профессиональные учебные заведения Кыргызской Республики, а также недопущения распространения коронавирусной инфекции и сохранения здоровья абитуриентов и членов приемных комиссий спузов, **приказываю**:

1. Руководителям средних профессиональных учебных заведений Кыргызской Республики, независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности:

- организовать прием документов абитуриентов в спузы в электронном виде в удаленном режиме с использованием Автоматизированной информационной системы;
- конкурс по специальностям (кроме медицинских специальностей), проводить на основании средней оценки аттестата о среднем общем образовании или свидетельства об основном общем образовании, с учетом оценок по профилирующим предметам, необходимым для обучения по конкретной специальности;
- дополнительные вступительные испытания в режиме онлайн, с применением дистанционных образовательных технологий проводить в случаях если на одно место претендуют абитуриенты с одинаковой средней оценкой аттестата или свидетельства, с учетом оценки по профилирующим предметам, необходимым для обучения по соответствующей специальности.

2. Установить, что конкурс по медицинским специальностям проводится по сумме баллов, полученных абитуриентом при сдаче вступительных испытаний, проводимых спузом самостоятельно, и средней оценки аттестата о среднем общем образовании с учетом оценок по профилирующим предметам (биология, химия).

3. Руководителям средних профессиональных учебных заведений независимо от форм собственности и ведомственной принадлежности, реализующих медицинские специальности, а также специальности в области культуры и искусства и физической культуры и спорта:

- организовать проведение вступительных испытаний в традиционном режиме с обязательным соблюдением необходимых санитарно-гигиенических норм;
- принять меры по недопущению массового скопления абитуриентов, разработать график поэтапной явки абитуриентов для прохождения вступительных испытаний;

- обеспечить в местах проведения вступительных испытаний бесперебойную работу медицинского пункта и соответствующие санитарно-гигиенические условия (освещение, проветривание помещений и др.), противопожарную безопасность и функционирование запасных выходов;

- обеспечить уборку помещений с дезинфицирующими средствами до и после проведения вступительных испытаний и обеззараживание воздуха;

- проводить дезинфекционную обработку оборудования и посадочных мест, влажную уборку помещений в случае проведения вступительных испытаний в 2 смены;

- провести дезинфекцию всего здания и оборудования за день до проведения испытаний;

- обеспечить дезинфекционную обработку обуви и рук абитуриентов (наличие специального коврика и дозаторов антисептика);

- соблюдать дистанцию 1,5 метра при расположении индивидуальных посадочных мест для абитуриентов;

- осуществлять контроль дистанции 1,5 метра между абитуриентами у входа и в помещении, обеспечить разметку для соблюдения дистанции;

- организовать измерение температуры тела абитуриентов и экзаменаторов при входе в здание с использованием тепловизора;

- при необходимости принять срочные меры, при определении повышения температуры тела абитуриента (оповещение медицинского работника или медицинской службы, сообщение близким родственникам или отправка абитуриента домой);

- осуществлять контроль за наличием и своевременной заменой защитных масок и перчаток у абитуриентов, экзаменаторов и иных сотрудников, задействованных в процессе проведения вступительных испытаний.

4. Возложить персональную ответственность на руководителей средних профессиональных учебных заведений за выполнение в полном объеме настоящего приказа.

5. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Н.К.Омурова.

**Министр** **Б.Д.Купешев**